FOREST SERVICE U S DEPARTMENT OF AGRICULTURE

CAMP alatoo

коомдук фонд
общественный фонд

тоолуу аймактардын
туруктуу өнүгүшү үчүн
для устойчивого
развития горных регионов

(МЖЖТТ) УСУЛУ БОЮНЧА ЖАЙЫТТАРДЫ
КОТОРУШТУРУП ПАЙДАЛАНУУНУН

КАДАМДЫК НУСКАМАСЫ

МАЛ ЖАЮУНУН ЖАЙЫТТАРГА ТИЙГИЗГЕН ТААСИРИ

МАЛ ЖАЮУНУН ЖАЙЫТТАРГА ТИЙГИЗГЕН ТААСИРИ (МЖЖТТ) УСУЛУ БОЮНЧА ЖАЙЫТТАРДЫ КОТОРУШТУРУП ПАЙДАЛАНУУНУН

КАДАМДЫК НУСКАМАСЫ

Мазмуну

Киришүү 5

МЖЖТТ усулун колдонуунун негизги кадамдары 9

1-КАДАМ: МЖЖТТ УСУЛУН КОЛДОНУУ ҮЧҮН АЙМАКТАРДЫ АНЫКТОО..................11

2-КАДАМ: ЖАЙЫТ ТИЛКЕСИН КАРТАГА ТҮШҮРҮҮ 15

3-КАДАМ: МАЛ ЖАЮУНУ ПЛАНДОО 18

4-КАДАМ: ПЛАНДЫН АТКАРЫЛЫШЫНА МОНИТОРИНГ ЖҮРГҮЗҮҮ ЖАНА ЖАЙЫТТАРДЫ БААЛОО 21

Фотодокумент даярдоо...33

5-КАДАМ: ЖЫЙЫНТЫКТАРДЫ ПРЕЗЕНТАЦИЯЛОО ЖАНА БААЛОО........................38

1-Тиркеме 39

2-Тиркеме 40

ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАРДЫН ТИЗМЕСИ..42

Пайдаланылган аныктамалар

Мониторинг жүргүзүүчү – жайыт ресурстарын (МТФ, АА жана башка у.с. жерлер) башкарууну ишке ашырган органдын тиешелүү чечимине ылайык МЖЖТТ усулун (уюштуруу, пландаштыруу жана мониторинг) колдонууну жүргүзүүгө ыйгарым укугу бар жак.

Жайыт пайдалануучулар – жайыт пайдаланууга укугу бар Кыргыз Республикасынын жеке жана юридикалык жактары.

Жайыт/жайыт жерлер – мал жайып оттотулуучу жана жерди эсепке алуу маалыматтарында чагылдырылган дагы башка максаттарга пайдаланылуучу чөп баскан айыл чарба жерлеринин түрү.

Мониторинг жана баалоо – жакшыртуу үчүн колдонулган чаралардын натыйжалуулугуна байкоо жана талдоо жүргүзүүнүн жүрүшү.

ГИС (GIS) – Географиялык информациялык система – мейкиндик (географиялык) жана аларга байланыштуу зарыл объектилер жөнүндө маалыматтарды чогултуу, сактоо, талдоо жана графикалык визуалдаштыруунун тутуму.

Вегетациялык мезгил – өсүмдүктөр өсүп жана өнүгүүгө мүмкүн болгон жылдын мезгили. Анын узактыгы негизинен географиялык кеңдикке жана климатка жараша болот.

Таптоо – өсүмдүктөргө механикалык зыян келтирүү жана жер кыртышын малдын туяктарынын тебелеп деформация кылуусу.

Мал жаюуга байкоо жүргүзүүчү тор тосмо – өсүмдүктөрдүн табигый өсүү деңгээли менен мал оттогон учурдагы абалын салыштыруунун камсыздоо үчүн жайыттын чөбү эң көп түрдүү болгон тилкелерине орнотулган чакан тосмо.

Киришүү

Кыргызстан - мал чарбачылык тармагы жакшы өнүккөн агрардык мамлекет. Мал чарбачылыгы айыл жергесинде дээрлик негизги жашоо-тиричилик булагы болуп саналат. Жакшы абалдагы жайыттар ден соолугу таза малды өстүрүүгө шарт түзөт, бул негизинен калктын кирешесине оң таасирин тийгизет. Демек, жайытты таза жана жакшы абалда сактоо зарыл, ал үчүн жайыттарга өз убагында мониторинг жүргүзүп туруу керек. Жайыттарга мониторинг жүргүзүүнүн ар кандай усулдары жана инструменттери бар жана алардын ичинен айрымдары көп убакытты жана акча каражаттарын талап кылат.

Ушул колдонмодо жайытта колдонууга жөнөкөй жана ошол эле учурда мал жаюуга карата өсүмдүктөрдүн реакциясынын жыйынтыгын айкын көрсөткөн ыкма баяндалган. Кадамдык нускама жумушу жайыттарды башкарууга, мониторинг жана баалоо жүргүзүүгө түздөн түз байланыштуу адистер жана практиктер үчүн иштелип чыккан.

Жайыт – бул малды туруктуу жайып откоргон жайыт жерлер, мындан тышкары ал экологиялык, экономикалык жана социалдык кирешени дагы камсыздайт. Жайыт жерлерди башкаруучулар жыл сайын ландшафттык деңгээлде жайыттын абалына жана өндүрүмдүүлүгүнө таасирин тийгизе турган чечимдерди кабыл алат. Мисалы, алар кандай көлөмдөгү жайыт тоютун откорууга, малды канча күнгө жаюуга болоорун жана жайыттын чөбү кайра калыбына келгенге канча убакыт талап кылынаарын баалаш керек. Кабыл алынган ошол чечимдер ресурстарды жакшыртабы же калыбына келтире алабы? Бул суроого жооп бериш үчүн башкаруучуларга мониторинг инструменттери керек, алар өсүмдүктөр жөнүндө жана мал жаюунун жайыт тутумуна кандай таасир тийгизээри тууралуу жакшы түшүнүүнү камсыздайт. Өз убагында алынган маалымат оң жыйынтыктарга алып келет жана тоют өндүрүү менен жайыттын абалын буза турган терс таасирлерди алдын алат.

Нускаманын максаты – мал жаюунун жайыттарга тийгизген таасири (МЖЖТТ) усулун колдонуу менен малды которуштуруп жаюу ыкмасын жайыт жерлерде колдонууга киргизүү жана жайыттардын абалына мониторинг жүргүзүү.

Мониторинг жүргүзүүчү – жайыт ресурстарын (МТФ, АА жана башка у.с. жерлер) башкарууну жүзөгө ашырган органдын тиешелүү чечимине ылайык МЖЖТТ усулун (уюштуруу, пландаштыруу жана мониторинг) колдонууну жүргүзүүгө ыйгарым укугу бар жак.

Кадамдык нускама, жайыт жерлерди башкаруу, мониторинг жүргүзүү жана пландаштырууда кабыл алуу зарыл болгон кадамдарды көрсөтүп түшүндүрүп берет. Нускама жайыт пайдалануучулар үчүн өз малын жаюуну пландаштыруу үчүн, ошондой эле, МТФ, АА ж.б.у.с. жерлердин жайыттарын башкарууну жүзөгө ашырууга укуктуу органдар үчүн атайын иштелип чыккан. Ушул органдарга МЖЖТТ усулун колдонууга мониторинг жүргүзүү боюнча жооптуу кызматкерди дайындоосу (мындан ары - мониторинг жүргүзүүчү) жана ага милдеттерди жүктөө зарыл. Мындан тышкары, нускама ушул усулду айлана-чөйрөнү коргоо боюнча адистер, жер ресурстарын башкарууга тартылган мамлекеттик мекемелер, бейөкмөт уюмдар жана изилдөөчүлөр колдонот деп эсептейт.

Кадамдык нускама жайыттарды мониторинг жүргүзүүнүн мурдагы ыкмаларын алмаштырууга муктаж эмес, бирок аларды толуктай алат.

МЖЖТТ деген эмне?

Жайытка жайылган мал адатта тилке боюнча эркин кыдырып оттойт, эң бийик өскөн чөптөрдү, жаңы жалбырактарды жана гүлдөрдү тандап жейт. Мал откоруунун мындай шартында мал эң мыкты тоют өсүмдүктөрүн тандайт жана кайталап оттойт. Ошол эле учурда жегиликтүү эмес өсүмдүктөр желбей калат жана чөптүн тоют-ботаникалык курамы жылдан жылга начарлай берет. Малды жайытка көп жолу кайталап жаюудан кыртыш ныкталат, булганат жана өсүмдүктөр тебеленет, андан чөптүн жегиликтүүлүгү начарлайт.

Мындай баш аламан мал жаюу шарттарында тоют өсүмдүктөрү эс алуу мүмкүнчүлүгүнөн ажырайт, жыйынтыгында малдын өндүрүмдүүлүгү төмөндөйт.

Баш аламан мал жаюу тоют өсүмдүктөрүн эс алуу жана өсүү мүмкүнчүлүгүнөн ажыратат.

Ошентип өсүмдүктөрдүн физиологиясын жана мал жаюунун жайытка тийгизген таасирин түшүнүү (1-сүрөт) жайыттарды башкаруунун натыйжалуу планын иштеп чыгуу үчүн абдан чоң мааниге ээ болот. Ошондуктан жайыттарды мал откоруу үчүн пайдаланууну туура баалай турган мониторинг инструментине муктаждык бар. Ал инструмент жайыт өсүмдүктөрүнүн санын жана курамын гана баалоо менен чектелбестен, вегетациялык мезгилде жайытка мал канча жолу жайылганын жана жайыттын чөбү канча убакыт колдонулганын дагы изилдөөгө тийиш.

1-сүрөт. Канаданын айыл чарба изилдөө станциясынын фотографиясы

Изилденген айрым жайыттардагы шалбаа өсүмдүктөрүнүн тамырларынын өсүшү көрсөтүлгөн

1. Мал жайылбаган өсүмдүктөрдүн тамыры 2. Жарым-жартылай мал жайылган жайыттын чөбү 3. Орточо колдонулган жайыттын чөбү 4. Тынымсыз мал жайылган жайыттын чөбү

Жайытка мониторинг жүргүзүү тутумдарынын максаты, ресурстун абалын колдоо же жакшыртуу болуп саналат. Жайытка мониторинг жүргүзүүнүн башка жолдору бар экенине карабастан, мал жаюунун жайытка тийгизген таасири (МЖЖТТ) усулу кыска мөөнөттүү пайдалуу мониторинг инструменти болуп саналат, ал малды жайытта тоюттандырып багуунун таасирин баалоонун жөнөкөй жана натыйжалуу жолун сунуштайт. МЖЖТТ сезон учурундагы малды жайытта багууну башкаруунун жыйынтыгына комплекстүү баа берет жана жайыттарды кийинки жылы башкаруу боюнча чечимдерди кабыл алууга колдонулушу мүмкүн. Маалыматтын малчыга жана мониторинг жүргүзүүчүгө дароо эле жеткиликтүү болушу МЖЖТТ усулунун негизги жыйынтыгы болуп саналат. МЖЖТТ усулун колдонууда кимдир бирөөлөрдүн маалымат жыйнап, талдоо жүргүзүп жана жыйынтыгын билдирүүсүн күтүүнүн зарылдыгы жок. Баалоо жөнүндө өз убагында аныкталган маалымат малчылар менен мониторинг жүргүзүүчүгө салыштырмалуу түрдө анча чоң эмес, бирок экономикалык жактан өндүрүмдүү жана абдан пайдалуу өзгөртүүлөрдү киргизүүгө мүмкүндүк берет.

Ошентип, МЖЖТТ малды жайытта которуштуруп жаюунун усулу катары жогоруда көрсөтүлгөн милдеттерди чечүүнүн таасирдүү инструменти катары эсептелет.

Жайыттарды жыл сайын пайдалануунун жалпы көрсөткүчтөрүн негиз кылган МЖЖТТ, өсүмдүктөрдүн абалына байланышкан негизги үч көрсөткүчтү карайт.

1. Мал откоруунун **ЖЫШТЫГЫ**
2. Мал жаюунун тынымсыз **ЖҮРГҮЗҮЛҮШҮ**
3. Өсүү жана жандануу үчүн **МҮМКҮНЧҮЛҮК**

Негизги 3 көрсөткүч жөнүндө 4-КАДАМДА: Пландын аткарылышына мониторинг жүргүзүү жана жайыттарды баалоо бөлүмүндө кеңири каралат.

МЖЖТТ усулун колдонуунун негизги кадамдары

МЖЖТТ усулун иш жүзүндө колдонуу үчүн ушул нускамада ушул ишке тартылган тараптарга усулду натыйжалуу пайдаланууга жана алдыга коюлган милдеттерди аткарууга мүмкүндүк берген негизги кадамдарды аткаруунун зарылдыгы каралат.



1-схема. МЖЖТТ колдонуунун негизги кадамдары

МЖЖТТ усулун колдонуу менен малды жайытка которуштуруп жаюуда ушул нускамада келтирилген ар бир кадам бири-бирин толуктайт жана өз ара байланышта болот.

1-КАДАМ. МЖЖТТ усулун колдонуу үчүн аймактарды аныктоо



1-КАДАМ: МЖЖТТ УСУЛУН КОЛДОНУУ ҮЧҮН АЙМАКТАРДЫ АНЫКТОО

МЖЖТТ усулун колдонуу менен малды котороуштуруп жаюу ыкмасын колдонуу жана жайыттарды абалына мониторинг жүргүзүү - кызыкдар тараптар болгон жайыт пайдалануучуларды, жайытты түздөн түз колдонгон чабандарды жана жайыт ресурстарын башкарууну ишке ашырган уюмдар болгон токой чарбаларын, жайыт комитеттерин же башка мамлекеттик мекемелерди кошкондо, бир катар жактардын катышуусун талап кылат.

Ушул нускаманын Биринчи кадамы, МЖЖТТ усулун колдонуу менен котороуштуруп мал жаюуга жана жайыттардын абалына мониторинг жүргүзүүнү аткарууга жооптуу уюмдарга бул ишке тартылган негизги жактарды аныктоого мүмкүндүк берет:

1. Жергиликтүү жамаат менен иштешип жана жайыттарды башкарууда жана мониторинг жүргүзүүдө МЖЖТТ усулун колдоно турган жооптуу кызматкерди тандоо же дайындоо.
2. Аймакка малын багып жана малды жаюуда МЖЖТТ усулун колдоно турган чабанды тандоо.
3. Котороуштуруп мал жаюу ыкмасын пайдалануу жана мониторинг жүргүзүү үчүн чабандар малын жайып багып жана МЖЖТТ усулун колдоно турган аймакты тандоо.

1. Мониторинг жүргүзүүчү жооптуу кызматкерди тандоо же дайындоо

Жайыт ресурстарын башкарууну ишке ашырган уюмдар мониторинг жүргүзүүчү жооптуу кызматкерди тандап же дайындашы керек – ал жергиликтүү жамаат менен иштешет жана жайыттарга мониторинг жана баалоо жүргүзөт. Ал кызматкер төмөнкүдөй талаптарга ылайык келүүгө тийиш:

- аймак жөнүндө толук маалыматты жана ошол аймактагы бардык жайыт пайдалануучуларды билүүгө;
- негизги өсүмдүктөрдүн түрлөрүн жана аймактын климаттык өзгөчөлүктөрүн, вегетациялык мезгилдин башталышын жана аягын билүүгө;
- МЖЖТ усулу боюнча мониторинг жана баалоо жүргүзүү жолдорун үйрөнүүгө жана өздөштүрүүгө тийиш.

2. МЖЖТТ усулун колдоно турган чабанды тандоо

Өзүнүн жайыт тилкесине мал багууда МЖЖТТ усулун колдоно турган **чабанды мониторинг жүргүзүүчү аныктоого тийиш**. Чабанды тандоо үчүн төмөнкүдөй талаптар коюлат.

- Чабандын ошол жайыт тилкесинде узак убакыт малын жайып багууга жана жайыттагы өзгөрүүлөргө үзгүлтүксүз мониторинг жүргүзүүгө мүмкүнчүлүгү болууга тийиш;
- Чабан өзүнүн жайыт тилкесинде негизги мал түрү катары майда жандыктарды багууга жана бодо малды аз санда кармоого тийиш;
- Бир нече чабанды тандоодо чектеш чек аралардын болушу эске алынууга тийиш.

3. Мониторинг жана баалоо жүргүзүү үчүн аймакты тандоо

Мониторинг жүргүзүүчү чабанды тандоо убагында ошол чабандын жайыт тилкесине дагы көңүл бурушу зарыл. Жайыт тилкесин тандоодо төмөнкүлөргө көңүл коюу талап кылынат:

- Мал жайылуучу тилке ошол уюмдун администрациялык аймагында жайгашкан болушу керек.
- МЖЖТТ усулун колдонуунун жүрүшүнө тартылган чабандардын аймагы коңшулаш жайгашып жана табигый чек аралары болууга тийиш (дарыя, аска, капчыгай ...).
- Жайыт тилкесин тандоодо ар бир чабандын мал сугаруучу пунктту бардыгын эске алуу сунушталат.

МЖЖТТ усулу боюнча которуштуруп мал жаюу жана жайыттарга мониторинг жана баалоо жүргүзүүгө тартылган жактарды аныктоодон кийин биринчи жолугушууну өткөрүү зарыл. Биринчи жолугушуунун убагында мониторинг жүргүзүүчүнүн эң башкы милдети – катышуучуларга МЖЖТТ усулу, которуштуруп мал жаюу, жайыттардын абалына мониторинг жана баалоо жүргүзүү, практикалык иштерди аткаруу жана МЖЖТТ боюнча мониторинг жана баалоо бланкын толтуруу жөнүндө толук айтып берүү болуп саналат.

2-КАДАМ. Жайыт тилкесин картага түшүрүү



2-КАДАМ: ЖАЙЫТ ТИЛКЕСИН КАРТАГА ТҮШҮРҮҮ

Жайыт тилкесине малды жаюуну пландоодон мурда, ошол жайыттын учурдагы абалы жөнүндө бардык маалыматты чогултуу зарыл. Эч болбоду дегенде, жайыт тилкелериндеги мал сугаруу жайлары, жолдор, чыйыр жолдор жана журт орундары сыяктуу инфратүзүм объектилери жөнүндө маалымат жыйноо же картасын түзүү сунушталат

Бул кадам мониторинг жүргүзүүчүгө тилкенин картасын түзүүгө мүмкүндүк берет. Мониторинг жүргүзүүчү карта түзүүнүн жүрүшүндө жергиликтүү чабандардын билимин, расмий карталарды, топурак, топографиялык жана өсүмдүктөрдүн түрлөрү бар геоботаникалык карталарды колдонушу мүмкүн. Ошондой эле, кошумча ГИС тутумун, маалыматтарды жана спутник сүрөттөрүн пайдалануу, бул ишти бүтүрүүгө, өзгөчө пайдалуу болушу ыктымал. Бардык зарыл маалыматтар чогултулуп жана картага тилке жөнүндө алда канча толук маалыматты түшүрүү, сизге мал жаюунун жана мониторинг жүргүзүүнүн натыйжалуу планын иштеп чыгууга жардам берет.

Картага түшүрүүнүн жүрүшү, жайыт ресурстарын пайдалануу жана аларга жеткиликтүүлүктү аныктоого жана түшүнүүгө эң мыкты ыкма болуп саналат.

Мониторинг жүргүзүүчү карта түзүүдө чабандар менен төмөнкүдөй милдеттерди аткарууга тийиш:

- Жергиликтүү рельефти изилдөө (2-сүрөт); Малды бир тилкеден экинчисине, ошондой эле, мал сугаруучу жайга айдап өтүүдө мал бир эле тилкеден улам кайра өтпөшү үчүн алда канча ыңгайлуу жолдорду аныктоо (тилкени таптоодон сактоо).
- Андан кийин чабандын тилкесинин картасында журттун жайгашуусун, негизги инфратүзүм объектилери болгон мал сугаруу пункту, дарыя, мал айдоо жолдору жана негизги жолдорду белгилөөсү керек жана анын тилкесин бир нече бөлүккө бөлүү зарыл (3-сүрөт).

Картага түшүрүү дайыма катышуучу чабандар менен биргеликте жүргүзүлөт, анткени чабандар өз тилкесинде которуштуруп мал жаюу усулун түздөн-түз колдонушат.

2-сүрөт. Жергиликтүү рельефти изилдөө.





3сүрөт. Жайытты чакан тилкелере бөлүштүрүү жана инфратүзүм объектилерин белгилөө

3-КАДАМ:
Мал жаюуну пландоо

3-КАДАМ: МАЛ ЖАЮУНУ ПЛАНДОО

МЖЖТТ усулу боюнча малды котороштуруп жаюуну пландоо, бөлүнгөн тилкеде чабан өзүнүн малын белгилүү бир убакыт аралыгында жайып бага турганын аныктайт. Малды жаюунун так күнүн жана жайыт тилкесинин абалын билип алгандан кийин малчы ар бир чакан тилкеге малды котороштуруп жаюунун графигин пландаштырыусу зарыл.

Малды жайытка котороштуруп жаюу планын түзүүдө төмөнкүдөй эрежелерди кармануу керек:

- Бир чакан тилкеде малды жаюунун узактыгын 7 күнгө чейин жүргүзүү, мүмкүн болушунча бүткүл сезон боюнча мал откорууну 14 күндөн ашырбоону камсыздоо.
- Бир эле чакан тилкеге малды кайталап жаюуга туура келсе (2-айлампа) экинчи жолу мал жаюу 25-30 күндөн кийин жүргүзүлүүгө тийиш, ошондо жайытка зыян келбейт.
- Чакан тилкеде мал жаюудан кийин жайыт отунун туруктуу өсүүсүн жана чөптүн курамынын тез калыбына келишин камсыздоо үчүн өсүмдүктөрдүн калган бөлүгү чөптүн эң жогорку чыгышынан 60%дан кем эмес калышы керек. Чөптүн өсүшүн аныктоо үчүн жайытта малдын башы батпай турган тор тосмолорду пайдалануу зарыл.
- Бөлүнгөн чакан тилкелердин санын эске алуу менен малды ошол чакан тилкелерге котороштуруп жаюунун болжолдуу планын түзүү зарыл (4-сүрөт жана 1-таблица). Сезондун башында түзүлгөн жайытты котороштуруп пайдалануу планы, иш жүзүндө жайытта боло турган адамдын иш-аракетине, аба-ырайына же климаттык кырдаалдарга жараша өзгөрүшү мүмкүн болгон болжолдуу план экенин эске алынууга тийиш. План, чабандын жайытка жүргүзгөн байкоолоруна ылайык дагы өзгөртүлүшү мүмкүн. Чабан тарабынан план өзгөртүлгөн учурда дагы бир чакан тилкеге мал жаюуну 7 күндөн ашырууга эч кандай жол берилбеши керек.

4-сүрөт. Тилкенин акыркы бөлүгүнө мал откоруу аяктагандан кийин биринчи чакан тилкеге өтүү керек.



1-таблица. Мал жаюунун болжолдуу планы

№	Чакан тил-келердин аталышы	Мал жаюу мөөнөтү (дд.мм)	Жалпы мал жаюу күндөрү
1-жолку которуштуруп мал жаюу			
1	Чоң-Таш	29.05 - 05.06	7 күн
2	Таза-Булак	06.06 - 11.06	6 күн
3	Тескей	12.06 - 18.06	7 күн
4	Шамалдуу	19.06 - 25.06	7 күн
2-жолку которуштуруп мал жаюу			
1	Чоң-Таш	26.06 - 01.07	6 күн
2	Таза-Булак	02.07 - 08.07	7 күн
3	Тескей	09.07 - 14.07	6 күн
4			

4-КАДАМ. Пландын аткарылышына мониторинг жүргүзүү жана жайыттарды баалоо

4-КАДАМ: ПЛАНДЫН АТКАРЫЛЫШЫНА МОНИТОРИНГ ЖҮРГҮЗҮҮ ЖАНА ЖАЙЫТТАРДЫ БААЛОО

Планды аткарууга мониторинг жалпы жайыт сезонунда 2 жолу (эң аз болгондо) жүргүзүлөт. Биринчи мониторинг жайыт пайдалануучуларга айтылбастан аткарылат, анда мониторинг жүргүзүүчү жайыт планынын аткарылышына жана планга ылайык чабандын күндөлүктү толтуруусуна көңүл бурат. Мониторингдин жыйынтыгында эгерде зарылдык болсо журналды толтуруу жана малды жаюу планы боюнча кайталап түшүндүрмө берүү керек.

Экинчи мониторинг жайыт сезонунун аягында жүргүзүлөт, анда мониторинг адиси чабандар менен биргеликте мал жаюунун графигин, чабандын күндөлүгүн текшерет (жайыт журналы) жана МЖЖТТ усулу боюнча жайыттардын абалына баалоо жүргүзөт.

МЖЖТТ мониторингин жана баалоо жүргүзүүнү баштоо алдында мониторинг жүргүзүүчүгө так маалымат алууга жардам бере турган төмөнкүдөй иш-чараларды өткөрүү зарыл:

- Чабандын күндөлүгүндөгү жайытка малды жаюу башталган күндөн сезондун аягына чейин жазылган бардык жазууларын текшерүү – бул:
    - Жайытка багылган мал жөнүндө маалымат;
    - Мал жаюунун графиги;
    - Мал жаюу графигиндеги өзгөрүүлөр;
    - Аба-ырайынын жана анын шарттарынын өзгөрүүлөрүнө чабандын байкоосу, узакка созулган ысык же бир нече күн жааган нөшөр жөнүндө эскерүүлөр (эгерде болсо).

Мониторинг жүргүзүүчү жалпы мал жаюу сезонунда жайытта фотодокумент даярдоону жүргүзүүсү керек. Фотодокумент жайыт сезону башталганда, сезон аралык мониторинг убагында жана сезондун аягында жүргүзүлөт (фотодокумент түзүүнүн жүрүшү кийинки бөлүмдө берилген).

5-сүрөттө МЖЖТТ усулу боюнча жайытты баалоо бланкы берилген. Мониторинг жүргүзүүчү бул таблицаны МЖЖТТ киргизүү үчүн аныкталган жайыт аймагынын чегиндеги чакан тилкелерди баалоо үчүн пайдаланат. Ал биринчи кезекте, жайыт аймагынын МЖЖТТ баалоо бланкынын маалыматтык бөлүгүн толтурат. Андан кийин «Чакан тилке» мамычасын толтурат, ал жерге бардык чакан тилкелердин аталыштары жазылышы керек.

Андан кийин **МЖЖТТ аныктоо үчүн бардык үч маанини кошкула (жыштык, тынымсыз пайдалануу жана мүмкүнчүлүк) жана «Жалпы» деген жерге сумманы жазгыла.**

Мониторинг жүргүзүүчү ар бир үч көрсөткүчтү баалагандан кийин упайлар кошулат. Жыйынтык упай ошол жылдагы мал жаюуга карата өсүмдүктөрдүн күтүлгөн реакциясын билдирет. Эгерде баалоо оң жыйынтык көрсөтсө, анда жалпысынан өсүмдүктөрдүн жана жайыттын абалы үчүн башкаруу жагымдуу дегенди түшүндүрөт. Терс жыйынтык эгерде ошол мал жаюу планы сакталса өсүмдүктөр жана жайыт жабыркап калаарын билдирет. Нөлдүк упай бейтарап болуп саналат жана ошондуктан өсүмдүктөрдүн абалынан анча чоң эмес өзгөрүүлөрдү күтүүгө болот.

Эгерде МЖЖТТ терс жыйынтык көрсөтсө, анда кандай факторлор начар баа алууга шарт түзгөнүн талдап чыгуу керек, бул жайыттын абалын жакшыртууга кандай өзгөртүүлөрдүн киргизүүгө болоорун аныктоо үчүн керек. Мисалы, бир нече кошумча чакан тилкелерди түзүү же жыштыкты баалоону жакшыртуу үчүн жайыт тилкени пайдалануунун санын же мал жаюу күндөрүн азайтуу керек болот.

5-сүрөт. МЖЖТТ усулу боюнча баалоо бланкы.



1. Жыштыкты баалоо

Жыштык өсүмдүктөргө канча убакыт аралыгында кайталап мал жаюуга көз каранды. Изилдөөлөр көрсөткөндөй, өсүмдүктөрдүн андан аркы өсүшү үчүн малды откоруу 7 күнгө чейинки аралыкта жүргүзүлүшү керек. Ал эми ошол жайытты кайталап пайдаланууга жана чөптөр жетиштүү бийик өсүп мал оттогонго даяр болушу үчүн климаттык өзгөчөлүктөргө жараша 25-30 күн эс алдыруу талап кылынат. Вегетациялык мезгилде бир эле жайыт тилкесине үч же андан көп жолу кайталап мал жаюу өсүмдүктөргө терс таасирин тийгизет.

Башкача айтканда, ар бир жолку которуштуруп мал жаюуда өсүмдүктөрдүн энергетикалык күч-кубаты түгөнө баштайт. Эгерде анын энергиясы өтө көп жана өтө тез-тез сарпталса, өсүмдүк болгон күч-кубатын, өсүүгө жөндөмдүүлүгүн жана стресске туруктуулугун жоготот.

2-таблица. МЖЖТТ усулу боюнча жыштыкты баалоонун формасы

Жайытты которуштуруп пайдалануунун саны	Мал жаюу күндөрүнүн саны	Баалоо
1	7	+ 1
2	7-14	0
≤ 3	≤ 14	- 1

2-таблица көрсөткөндөй, бир эле чакан тилкеге малды 7 күндөн ашырбай бир жолу жайган шартта, баалоо упайы = +1 болот, бул өсүмдүктөрдүн абалына жакшы таасирин тийгизет. Кезек боюнча экинчи жолку пайдаланууда, т.а. сезондо 2 жолу 7 күндөн мал жайганда, салыштырамлуу анча таасири чоң эмес жана баалоо мааниси = 0 упай болот. Эгерде жайытка кайталап мал жаюу 3 же 3төн жолу жүргүзүлүп жана андан ашса, анда бул өсүмдүктөргө терс таасир этет жана баалоо мааниси = -1 катары көрсөтүлөт.

Мисал,

6-сүрөт. МЖЖТТ усулу боюнча жыштыкты баалоо

3-таблицага ылайык. Чоң-Таш чакан тилкеси жалпы жайыт сезонунда 3 жолу пайдаланылды жана жыштык үчүн баалоо -1 упайды түзөт

Таза-Булак чакан тилкеси жалпы жайыт сезонунда 2 жолу пайдаланылды жана жыйынтыгы 0 упайга бааланды

Тескей жана Шамалды чакан тилкелерине 1 жолу гана мал жайылды жана жыйынтыгында +1 деген упай беребиз

Чакан тилкелер	Жыштык	Жайытты тынымсыз пайдалануу	Мүмкүнчүлүк	МЖЖТТ (Жалпы)
Чоң-Таш	-1			
Таза-Булак	0			
Тескей	+1			
Шамалдуу	+1			

№	Чакан тилкелердин аталышы	Мал жаюу мөөнөтү (дд.мм)	Жалпы мал жаюу күндөрү
1-жолку когорушутуруп мал жаюу			
1	Чоң-Таш	29.05 - 05.06	7 күн
2	Таза-Булак	06.06 - 11.06	6 күн
3	Тескей	12.06 - 18.06	7 күн
4	Шамалдуу	19.06 - 25.06	7 күн
2-жолку когорушутуруп мал жаюу			
1	Чоң-Таш	26.06 - 01.07	6 күн
2	Таза-Булак	02.07 - 08.07	7 күн
3	Чоң-Таш	09.07 - 14.07	6 күн
4			

1-таблица. Мал жаюу графиги

Жайытты пайдалануунун жыштыгы вегетациялык мезгил аралыгындагы мал жаюунун негизинде гана бааланат: ал жазгы өсүүгө чейинки же өсүмдүктөрдүн өсүүсү токтогон күз мезгилинен кийинки жүргүзүлгөн мал жаюуну камтыбайт.

2. Жайытты тынымсыз пайдаланууну баалоо

Жайытты тынымсыз пайдалануу – бул мал жаюу убагында канча жалбырак материал желгендигинин көрсөткүчү. Мында эң негизгиси, мал оттогондон кийин өсүмдүктөрдүн канча бөлүгү калганы жана чөптүн өсүшүн калыбына келтирүү үчүн фотосинтез процессине катышуу жөндөмү канчалык сакталганы маанилүү.

7-таблица. МЖЖТТ усулу боюнча тынымсыз пайдаланууну баалоо формасы

Жайытты тынымсыз пайдалануу	**Мал жеген өсүмдүктөрдүн пайыздык чоңдугу (%)**	**Баалоо**
Жеңил	40 чейин	+1
Орточо	41-55	0
Катуу	56 жана андан жогору	-1

Мал оттогондон кийин жайытта канчалык көп жалбырак аянты калса, анда углевод корун толуктоо жана тамыр тутумун азыктандыруу үчүн фотосинтез дарамети ошончолук көбүрөөк болот. Мал жаюу убагында жайыт чөбүндө жалбырак материалынын жарымынан көбү калса, бул жарык энергиясын кармап калуу үчүн көбүрөөк аянтты камсыздайт жана өсүмдүктөргө андан ары өсүүгө жана калыбына келүүсүнө жакшы мүмкүндүк берет. Жайытты пайдалануунун соңунда өлчөнгөн тынымсыз пайдалануу дефолиациясы жеңил, орто жана катуу - үч деңгээл менен сүрөттөлөт. Жайыт тилкесиндеги тынымсыз мал жаюунун таасирин баалоону айрым тилкелерге тор тосмолорду орнотуу аркылуу жүргүзүүгө болот. Жайыт чөбүн малдын оттоосунан коргогон торлор ошол жайытты пайдалануунун ыргагына байкоо жүргүзүү үчүн алда канча натыйжалуу инструменттердин бири болуп саналат. Тор тосмолор ар кандай болушу мүмкүн, биздин шартта болжолдуу өлчөмү 100*100 см, бийиктиги 60 см. болгон тор тосмолорду пайдаланууга болот.

7-сүрөт. МЖЖТТ усулу боюнча тынымсыз пайдаланууну баалоо

Чакан тилкелер	Жыштык	Жайытты тынымсыз пайдалануу	Мумкүнчүлүк	МЖЖТТ (Жалпы)
Чоң-Таш	-1	-1		
Таза-Булак	0	0		
Тескей	+1	+1		
Шамалдуу	+1	+1		

Мисалы Чоң-Таш чакан тилкесинин чөбү 65% чейин желген болсо, анда -1 баасын коебуз, б.а. жайытты пайдалануу КАТУУ деңгээлде болгон

Эгерде Таза-Булак чакан тилкеси мал жаюудан кийин жайыт чөбү 47% желгенин көрсөтсө, анда биз аны 0 упайга баалайбыз, б.а. жайытты пайдалануу ОРТОЧО деңгээлде болгон

Эгерде Тескей жана Шамалды чакан тилкелерине мал жаюудан кийин чөтүн 30-35% желгенин көрсөтсө, анда +1 жыйынтык упайы берилет, мында жайытты пайдалануу ЖЕҢИЛ болгон

Жеңил
Жайыт тилкесиндеги чөптүн 40% желген

Орточо
Жайыт тилкесиндеги чөптүн 40%-55% желген

Катуу
Жайыт тилкесиндеги чөптүн 55% ашыгы желген

Тилкелердеги чөптүн өсүшүнө жараша тор тосмолор сезон аралыгында жайытты пайдалануунун пайызын аныктоо үчүн көзгө көрүнүктүү жана жайыт өсүмдүктөрүнүн негизги курамы мүнөздүү болгон тилкелерге жайгаштырылат. Ар жылы жазында тор тосмолорду өсүмдүктөрдүн ошол жылдагы өсүшүн изилдөөгө алуу үчүн талаанын башка жерине которуп жайгаштыруу зарыл.

8-сүрөт. Жайыт чөбүн малдан коргоо үчүн тор тосмо

3. Мүмкүнчүлүктү баалоо

Өсүү жана жандануу мүмкүнчүлүгүн баалоо үчүн (мындан ары - мүмкүнчүлүк) чабандар менен бирге вегетациялык мезгилдин башталышын жана аяктаган убагын аныктоо зарыл (бул маалыматтар МЖЖТТ эсептөө үчүн өсүмдүктөрдүн өсүү жана кайра жандануу мүмкүнчүлүгүн аныктоого жардам берет). Мүмкүнчүлүк – бул өсүмдүктөрдүн жайытка мал жаюуга чейинки же пайдалануудан кийин жаданууга мүмкүн болгон убактысы. Бул фактор пайдалануу мөөнөтү менен байланышкан. Мүмкүнчүлүк – бул өсүмдүктөрдүн узак мөөнөттүү жакшы өсүшүнө жана күч-кубаттуулугуна абдан тыгыз байланышкан фактор.

4-таблица. МЖЖТТ усулу боюнча өсүү жана жандануу мүмкүнчүлүгүн баалоо

Өсүмдүктөр үчүн өсүү жана жандануу мүмкүнчүлүгү	**Маани**
Бүткүл сезон	+2
Сезондун көпчүлүгү	+1
Бир аз мүмкүнчүлүк бар	0
Мүмкүнчүлүк аз	-1
Мүмкүнчүлүк жок	-2

Келгиле, ошол тилкедеги жайыт чөбүнүн өсүү процесси 25-апрелде башталат жана 25-августта аяктайт деп болжолдоп көрөлү, мында вегетациялык мезгил 112 күнгө созулат.

МЖЖТТ боюнча мүмкүнчүлүктү баалоо, так ушул вегетациялык мезгилди баалоо болуп саналат, тактап айтканда, ошол чакан тилкеге канча убакыт мал жайылганы бааланат.

- Эгерде чакан тилкеге таптакыр мал жайылбаса, анда +2 деген баа коёбуз.
- Бүткүл вегетация аралыгында чакан тилкеге 15 күндөн 30 күнгө чейинки убакытка жайыт чөбүнө анча зыян келтирилбей мал жайылса, анда +1 деген баа коюлат.
- Эгерде 112 күндүк вегетациялык мезгилдин ичинен жайытка 55-65 күн мал жайылса, анда 0 деген бааны коюуга болот.
- Эгерде жайытка бүткүл вегетациялык мезгил аралыгында 90 күндөн 100 күнгө чейин мал жай-

ылса, демек бул -1 деген баага татыктуу болот.

- Эгерде чакан тилке бүткүл вегетациялык мезгилде үзгүлтүксүз пайдаланылса, анда жайытка -2 деген баа берилет.

Мал жаюнун тартибине кайрылып, биз 3-таблицадан мал жаюу үчүн мүмкүнчүлүккө төмөнкүдөй баа бере алабыз:

9-сүрөт. МЖЖТТ усулу боюнча мүмкүнчүлүккө баа берүү

Чакан тилкелер	**Жыштык**	**Жайытты тынымсыз пайдалануу**	**Мүмкүнчүлүк**	**МЖЖТТ (Жалпы)**
Чоң-Таш	-1	-1	0	
Таза-Булак	0	0	+1	
Тескей	+1	+1	+2	
Шамалдуу	+1	+1	+2	

1-таблица. Мал жаюу графиги

№	Чакан тилкелердин аталышы	Мал жаюу мөөнөтү (дд.мм)	Жалпы мал жаюу күндөрү
1-жолку которуштуруп мал жаюу			
1	Чоң-Таш	29.05 - 05.06	7 күн
2	Таза-Булак	06.06 - 11.06	6 күн
3	Тескей	12.06 - 18.06	7 күн
4	Шамалдуу	19.06 - 25.06	7 күн
2-жолку которуштуруп мал жаюу			
1	Чоң-Таш	26.06 - 01.07	6 күн
2	Таза-Булак	02.07 - 08.07	7 күн
3	Чоң-Таш	09.07 - 14.07	6 күн
4			

Эгерде Чоң-Таш чакан тилкесин карап көрсөк, анда биринчи күндөн жана акыркы күнгө чейин жайытка мал жаюу 46 күндү түзөт, демек ага ылайык Мүмкүнчүлүк үчүн +1 деген баа беребиз.

Соңунда бардык маалыматтар кошулат жана ар бир чакан тилке боюнча баалоо жыйынтыгы чыгарылат.

10-сүрөт. МЖЖТТ усулу боюнча баалоо

МЖЖТТ БААЛОО БЛАНКЫ

Административдик аймак, обл., район __Нарын________________
Жайыттын аталышы ____Жаңы-Булак____Дата __15.08.2021___________
Байкоочу___Асанов_________ Жайыт пайдалануучу ___ Үсөн _________
Пайдалануу сезону __25.05.2021_____ тартып ____15.08.2021_________ чейин

Чакан тилкелер	Жыштык	Жайытты тынымсыз пайдалануу	Мүмкүнчүлүк	МЖЖТТИ (Жалпы)
Чоң-Таш	-1	-1	0	-2
Таза-Булак	0	0	+1	+1
Тескей	+1	+1	+2	+4
Шамалдуу	+1	+1	+2	+4

10-сүрөт, МЖЖТТ баалоо бланкы мониторинг жана баалоодон кийин мониторинг жүргүзүүчү тарабынан ошол жайытка мал баккан чабандар менен бирге толтурулат. Ушул сүрөткө ылайык, мониторинг жүргүзүүчү ошол жайыттын эң көп басым түшкөн чакан тилкеси Чоң-Таш экенин көрө алат. Эгерде Чоң-Таш чакан тилкесинин мисалына токтолсок, анда МЖЖТТ усулу боюнча баалоо башында эле анын абалын төмөнкүдөй көрсөткөн:

- басым эң көп түшкөн тилке, себеби мал жаюунун жыштыгы башка чакан тилкелерге караганда көп болгон;
- мал жаюу жана жайытты тынымсыз пайдалануу жайыт тилкесинин чөбүнө чоң басым түшүүгө алып келди;
- өсүмдүктөрдүн өсүү мүмкүнчүлүгү боюнча айтсак, бүткүл вегетациялык мезгил аралыгында так ошол тилкеге мал көбүрөөк күн жайылган.

Ошентип Чоң-Таш чакан тилкесин баалоонун жыйынтыгында абалы -2 упайга бааланды.

Тескей жана Шамалдуу чакан тилкелери боюнча айтсак, аларда мал жаюунун жыштыгы жайытты пайдалануу 7 күндөн ашпаганын көрсөтөт, ал эми чөптүн өсүүсү 112 күндү түзгөн жалпы вегетациялык мезгилдеги мал жаюу дагы 7 күнгө барабар болгон. Ошондой эле, мал жаюунун узактыгына байкоо жүргүзүүгө таянуу менен чакан тилкенин көрсөткүчтөрү жакшы абалда деп айтууга болот.

Жайыттардын абалына мониторинг жана баалоо жүргүзүүдө мониторинг адиси төмөнкү факторлорду эске алышы керек:

- Баалоо жүргүзүлгөн тилке мал айдап өтүүчү маршрут болуп саналбайбы;
- Чакан тилкеде мал сугаруучу жайдын болушун аныктоо, себеби суу алыс болсо мал бир топ аралыкты басып өтүш керек болот, бул бир же бир нече жайыт тилкесин таптоого алып келиши мүмкүн.

Баалоонун жогорудагы мисалына кайрылсак, кийинки сезон үчүн мониторинг жүргүзүүчүгө төмөнкүдөй жалпы сунуштамалар болушу мүмкүн:

- Чоң-Таш чакан тилкесине мал жаюу жыштыгын кыскартуу жана басымды азайтуу;
- Тескей жана Шамалдуу чакан тилкелеринде мал жаюунун узактыгын жогорулатуу.

Ушул сунуштамалар негиз болуучу сунуштар болуп саналбайт, анткени кийинки сезондун башында аба-ырайынын жана климаттык шарттардын өзгөрүүлөрүн, вегетациялык сезондун башталышын, чөптүн чыгышын, о.э. жайытка багылган малдын башын эске алуу зарыл.

Фотодокумент
даярдоо

Фотодокумент даярдоо

Жайыттын абалын баалоо үчүн фотосүрөткө тартууда аны кантип жана кандай кылып тартуу дагы абдан маанилүү. Мониторинг жүргүзүүчүгө фотодокумент даярдоо, жайыт тилкесиндеги жайытты тынымсыз пайдаланууну аныктоо үчүн абдан маанилүү инструмент болуп саналат.

Андан соң жайытты тынымсыз пайдаланууну ченөө үчүн качан жана кандай кылып фотосүрөт тартуу жөнүндө маалымат берилет. Эгерде тилкеде жайыт чөпту коргогон тор тосмолор орнотулса, анда «Тор тосмо менен фотография» бөлүмүндө берилген кадамдарды аткаргыла. Эгерде жайытта орнотулган тор тосмолор жок болсо «Тор тосмо жок фотография» бөлүмүндө айтылган маалыматка көңүл бургула.

5-таблица. Фотодокумент даярдоо

	КАЧАН?	**КАНТИП?**
Тор тосмо менен фотография	Фотография жайыт сезонунун **аягында** тартылыш керек	Тор тосмонун өзүн, айланасын жана тордун артындагы горизонтту толук камтып сүрөткө тарткыла.
Тор тосмо жок фотография	Фотография жайыт сезонунда 3 жолу тартылуусу зарыл: 4. Мал жаңы келген жайыт сезонунун **БАШЫНДА** 5. Жайыт сезонунун **ОРТОСУНДА** 6. Жайыт сезонунун **АЯГЫНДА**	Тор тосмо жок орунду тандагыла жана кийинки жылы оңой таап жана эстегидей белгилерди кошкула. Ал белгилердин сиздин тилке үчүн, өзгөчө болгону пайдалуу, алар кайсыл бир дарак, чоң таш же чыйыр жолдогу чекит болушу мүмкүн.

Фотосүрөттү тартууда фотодокумент түзүүгө карата айрым стандарттуу талаптар бар, айтсак фотосүрөттөр МЖЖТТ усулу боюнча жайыттардын абалын так аныктоо үчүн пайдаланууга жарактуу болуп тартылышы керек.

- Фотографияны таң эрте же кечке жуук тарткан жакшы, ошол учурларда күндүн нуру сапаттуу фотосүрөт тартуу үчүн абдан ылайыктуу болот.
- Фотографияга тартууда күндүн нуру артыңыздан тийгидей болушуна көңүл буруңуз. Эгерде сүрөт күндүн нуруна каршы тартылса, анда сүрөт өтө ачык жана сапаты начар болуп чыгат.
- Бир кадрды бир нече жолу кайталап тартыңыз, андан соң фотосүрөттөрдүн сапатын жана жараксыз сүрөттөрдүн жоктугун текшерип көрүү зарыл. Эгерде телефондо орун аз болсо, фотосүрөттөрдү көрүп чыгып, ашык кадрларды өчүрүп салууга болот.
- Фотосүрөткө асмандын бир аз гана бөлүгү кошулуп, жердин бети негизги фокуска алынганына көңүл буруңуз. Эгерде асманга көбүрөөк фокус алынса, анда фотосүрөттүн сапаты начарлайт.

ФОТОДОКУМЕНТ ДАЯРДООНУН МИСАЛДАРЫ

11-сүрөт. Аймакты фотографияга тартуунун мисалдары



12-сүрөт. Тор тосмо менен жана тор тосмо жок фотосүрөт тартуунун мисалдары



5-КАДАМ. Жыйынтыктарды презентациялоо жана баалоо



5-КАДАМ: ЖЫЙЫНТЫКТАРДЫ ПРЕЗЕНТАЦИЯЛОО ЖАНА БААЛОО

МЖЖТТ усулу алкаында мониторинг жана баалоо боюнча бардык талаа жумуштары аяктагандан кийин мониторинг жүргүзүүчү топтолгон маалыматтарга талдоо жүргүзөт жана чабандар менен талкуулоо үчүн презентация даярдайт, анын жүрүшүндө мониторинг жүргүзүүчү кызматкер ар бир чакан тилкени өзүнчө кароого тийиш.

Жыйынтыктарды талкуулоодо мониторинг жүргүзүүчү төмөнкүлөрдү эске алууга тийиш:

- Чабандын пикирин эске алуу.
- Протоколго чабандын бардык сунуштарын жана эскертүүлөрүн киргизүү.
- Негизги каталар менен өзгөртүүлөрдү талкуулоо:
    - графиктен четтөө, графиктин өзгөрүшү, өзгөрүүлөрдүн себептери;
    - жайытты кошумча чакан тилкелерге бөлүүнүн же мал жаюуну жакшыртуу үчүн айрым чакан тилкелерди бириктирүүнүн зарылдыгы;
    - журналды толтуруудагы каталар, так эмес маалыматтар ж.б.у.с.
- Кийинки сезондогу мал жаюунун болжолдуу графигин МЖЖТТ усулу боюнча мониторингдин жана баалоонун жыйынтыгын эске алуу менен талкуулоо.

Ошондой эле, катышуучулар жайытты которуштуруп мал жаюуну киргизүүнүн жетишкендиктерин жана оң жактарын талкуулоого тийиш.

Талкуулардын жыйынтыгы боюнча, катышуучулар кийинки жайыт сезонунда каталарды жана кемчиликтери кайталоого жол бербөө үчүн бир пикирге токтолуусу керек.

1-Тиркеме

МЖЖТТ УСУЛУ БОЮНЧА МАЛ ЖАЮУ ГРАФИГИНИН БЛАНКЫ

Административдик аймак……………………………………………………………………………

Жайыттын аталышы ……………………………………….. Күнү …………………………………..

Жайыт пайдалануучу ……………………………………………………………………………..

Мал (класс/тип)………………………………….. Саны …………………………………………… .

Пайдалануу сезону ……………………………. жыл…………………………………………………

Мал жаюунун графиги	**Чакан тилкенин аталышы**	**Мал жайылган күндөрдүн саны**	**Мал жаюунун датасы**
1			
2			
3			
4			
5			
6			
7			
8			
9			
10			
11			

2-Тиркеме

МЖЖТТ БААЛОО БЛАНКЫ

Административдык аймак……………………………………………………………………………

Жайыттын аталышы ………………………………………….. Дата ……………………………………..

Байкоочу…………………………………….. Жайыт пайдалануучу ……………………………………..

Пайдалануу сезону …………………………………. тартып………………………………….. чейин

Жайыт тилкеси	Жыштык	Жайытты тынымсыз пайдалануу	Мүмкүнчүлүк	МЖЖТТ (Жалпы)

МЖЖТТ боюнча баалоонун негизги үч көрсөткүчү

Жыштык		**Тынымсыз пайдалануу**			**Мүмкүнчүлүк**	
Мал жаюунун саны (күндөр жана кайталап жаюу)		Пайдалануунун саны, %			Өсүмдүктөрдүн өсүү жана жандануу мүмкүнчүлүгү	
1-маани	+1	Маани:			Маани:	
2-маани	0	Жеңил	<40%	+1	Бүткүл сезон	+2
3 же андан көп	-1	Орточо	40-55%	0	Сезондун көпчүлүгү	+1
		Катуу	>55%	-1	Бир аз мүмкүнчүлүк бар	0
					Мүмкүнчүлүк өтө аз	-1
					Мүмкүнчүлүк жок	-2

ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАРДЫН ТИЗМЕСИ:

1. РУКОВОДСТВО ПО ОЦЕНКЕ ВОЗДЕЙСТВИЯ ВЫПАСА НА ПАСТБИЩА. – CAMP АЛАТОО. 2018
2. СБОРНИК ДОСУПНЫХ ТЕХНОЛОГИЙ ДЛЯ УЛУЧЕНИЯ ПАСТБИЩ. – GIZ, CAMP АЛАТОО. 2020
3. QUICK GUIDE TO PHOTO POINT MONITORING – USDA NRCS

©2022 г. «CAMP Алатоо» коомдук фонду
Бишкек ш, Кыргыз Республикасы
Уфа туюк көч, 3
т.: +996 312 909 703
www.camp.kg

Түзүүчүлөр:
Азамат Усупбеков
Максат Мийназаров

Фото:
© «CAMP Алатоо» КФ архиви

Дизайн жана верстка:
Алыбек Исмаилов

«Мал жаюунун жайыттарга тийгизген таасири усулун колдонуунун кадамдык нускамасы» US Forest Services «Kyrgyz Pasture and Natural Resource Management» долбоорунун финансылык колдоосунда жарыяланды.